**2013-жылдын 6-июнундагы № 90 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу

2013-жылдын 25-апрелинде — Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына («Эркин Тоо» газетасы, 2012-жылдын 10-январы, №1) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

**1.** 13-berененин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Жогорку Кеңеш 10 талапкерди көрсөтөт, рейтингдик добуш берүү жолу менен алардын ичинен 5 талапкерди бекитет. Парламенттик оппозициядан талапкерлердин бири да Кеңештин курамына өтүү үчүн добуштардын жетиштүү санын албай калган учурда, Кеңештеги бир орун парламенттик оппозициянын добуштардын көбүрөөк санын алган талапкерине берилет.».

**2.** 15-берененин 1-бөлүгүндө:

бөлүк төмөнкүдөй редакциядагы он үчүнчү абзац менен толукталсын:

«Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын добуштарынын үчтөн экиси менен Корпорациянын башкы директорун ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотууга;»;

он үчүнчү абзацтагы «курамынын» деген сөз «мүчөлөрүнүн санынын» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3.** 19-беренеде:

3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Башкы директор Кеңеш тарабынан 4 жылга шайланат жана Кеңешке отчёт берет. Эгерде Корпорациянын башкы директорунун кызмат ордуна талапкерлердин бири да шайлануу үчүн добуштардын жетиштүү санын албаса, анда жаңы конкурс өткөрүлөт.»;

берене төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$ жана $3^2$-бөлүктөр менен толукталсын:

«$3^1$. Корпорациянын башкы директору коомдук-саясий жана диний уюмдарда кызмат орундарын ээлей албайт. Корпорациянын башкы директору өз милдеттерин аткаруу убагында партиялык уюмдардагы өзүнүн мүчөлүгүн токтотуп турат.

$3^2$. Корпорациянын иши жөнүндө жылдык отчёт бекитилбеген учурда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын добуштарынын үчтөн экиси менен Корпорациянын башкы директору ээлеген кызмат ордунан бошотулат.».

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**